КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
ГОРОД БАЗАР-КОРГОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85, тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85, тел: (03736) 5-00-53

20.12.2022-жыл

Базар-Коргон шаары.

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I -чакырылышынын кезексиз**

**XVIII -сессиясынын**

**№ 1-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаардык кеңешинин төрагасы З. Садыковдун өз каалоосу боюнча төрагалык ыйгарым укугун мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө арызын кароо жөнүндө

“Кыргыз Республикасынын эмгек кодексинин” 82-беренесинин жана “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 33 – беренесинин негизинде, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XVIII –сессиясы **токтом кылат:**

1. Базар-Коргон шаардык кеңешинин төрагасы З. Садыковдун өз каалоосу боюнча төрагалык ыйгарым укугун мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө 2022-жылдын 13-декабрындагы арызы (тиркелет) кабыл алынсын.

2.Аталган токтом Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылар жөнүндө” мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаар мэриясынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб сайтына жарыялансын.

3. Аталган токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү жагы шаар Кеңешинин жооптуу катчысына милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Базар-Коргон шаардык**
**кеңешинин төрагасынын**
**орун басары:** **А.Ж. Сулайманова**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**ГОРОД БАЗАР-КОРГОН**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

20.12.2022-жыл Базар-Коргон шаары.

# Базар-Коргон шаардык кеңешинин I -чакырылышынын кезексиз XVIII -сессиясынын № 2-ТОКТОМУ

Базар-Коргон шаардык кеңешинин төрагасын шайлоо жөнүндө

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 33, 34, 39 – беренелерине ылайык, жана ошондой эле “Базар-Коргон шаардык кеңешинин төрагасын шайлоо боюнча жашыруун добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу” эсептөө комиссиясынын төрагасынын маалыматын угуп, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XVIII – сессиясы **токтом кылат:**

1. Базар-Коргон шаардык кеңешинин төрагасын шайлоо боюнча эсептөө комиссиясынын 2022-жылдын 20-декабрындагы отурумунун №1, №2- протоколдору (тиркелет) бекитилсин.

2. Базар-Коргон шаардык кеңешинин төрагасы Анарбеков Курманбек Кубанычович болуп шайланды деп эсептелинсин.

3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылар жөнүндө” мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаар мэриясынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб сайтына жарыялансын.

4. Аталган токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү жагы шаар Кеңешинин жооптуу катчысына милдеттендирилсин.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Базар-Коргон шаардык**
**кеңешинин төрагасынын**
**орун басары:** **А.Ж. Сулайманова**

Тиркеме №1

Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XVIII-сессиясында Базар-Коргон шаардык кеңешинин төрагасын шайлоо боюнча түзүлгөн убактылуу эсептөө комиссиясынын

№1 Протоколу

20.12.2022-ж. Базар-Коргон шаары

Төрага шайлоо боюнча түзүлгөн убактылуу эсептөө комиссиясынын курамы:

1.Жуманазаров Элдияр

2.Көчөров Бакытбек

3.Алыкулова Айнагуль

4.Омурзаков Абдрахман

5.Мажиев Нурсейит.

1. Убактылуу эсептөө комиссиясынын 1-отурумунда комиссиянын төрагасы болуп Көчөров Бакытбек жана катчысы Мажиев Нурсейит бир добуштан шайланды.

2. Убактылуу комиссиянын ички тартибин аныктоо.

   Убактылуу комиссиясынын отурумунда чечим кабыл алынды:

   Шайлоо бюллетенинен кандайдыр бир үтүр, точкалары рамкадан чыгып кетсе жана телефон менен тартса, ошол бюллетень комиссиянын чечими менен жарактуу же жараксыздыгы чечилет.

Комиссиянын төрагасы:- Б.Көчөров

Комиссиянын катчысы:- Н.Мажиев

Комиссиянын мүчөлөрү:- Э.Жуманазаров

А.Алыкулова

А.Омурзаков

Тиркеме №2

Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XVIII-сессиясында Базар-Коргон шаардык кеңешинин төрагасын шайлоо боюнча түзүлгөн убактылуу эсептөө комиссиясынын

№2 Протоколу

20.12.2022-ж. Базар-Коргон шаары

Төрага шайлоо боюнча түзүлгөн убактылуу эсептөө комиссиясынын төрагасы Б.Көчөров:-

Урматтуу комиссиянын мүчөлөрү, 31даана бюллетень баракчалары даярдалып, депутаттарга 31 даана бюллетень таркатылды. Урнаны ачканда 31 бюллетень чыкты.

Шаардык кенештин төрагалыгына биринчи талапкер Анарбеков Курманбек Кубанычовичке 16 бюллетень боюнча добуш берилди.

Шаардык кеңештин төрагалыгына экинчи талапкер Мирзахмедов Тохир Номановичке 15 бюллетень боюнча добуш берилди.

Каршы, калыс-жок

Талапкер Анарбеков Курманбек Кубанычовичке добуш берилген бир бюллетенде макул деген белги сызыкчадан бир аз чыгып кеткендигине байланыштуу талапкерлердин ортосунда талаш-тартыш жаралгандыгына байланыштуу талапкер Анарбеков Курманбек Кубанычовичтин 1 даана бюллетени жарактуу же жараксыздыгын добушка коёмун.

Комиссиянын төрагасы:-Добушка коёмун, жогорудагы айтылган 1 даана бюллетень жарактуу деген комиссия мүчөлөрү добуш берип коюнуздар:

Макул-4, Каршы-1, Калыс-жок

Жарактуу деп добуш берген комиссия мүчөлөрү:

1.Көчөров Бакытбек
2.Омурзаков Абдрахман
3.Алыкулова Айнагуль
4.Мажиев Нурсейит

Жараксыз деп
5.Жуманазаров Элдияр добуш берген.

Комиссиянын төрагасы Б.Көчөров: Урматтуу комиссиянын мүчөлөрү, көпчүлүк добуш менен жогоруда айтылган 1 даана бюллетень жарактуу деп табылды.

Төрага шайлоо боюнча түзүлгөн убактылуу эсептөө комиссиясы чечим кылат:

1. Анарбеков Курманбек Кубанычович-16 добуш макул

2. Мирзахмедов Тохир Номанович-15 добуш макул

3. Каршы, калыс-жок.

Көпчүлүктүн добушу менен талапкер Анарбеков Курманбек Кубанычович Базар-Коргон шаардык кенешинин төрагалыгына жеңүүчү деп табылды.

Убактылуу эсептөө комиссиясынын
төрагасы :- Б.Көчөров

Катчы: Н.Мажиев

Комиссия мүчөлөрү: А.Омурзаков

Э.Жуманазаров

А.Алыкулова